**КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БИЛИМ БАГЫТЫ**

# КУМУРСКА КИСЛОТАСЫ – КУМУРСКА АЛЬДЕГИДИ – КЫЧКЫЛТЕК – СУУ СИСТЕМАСЫН ФИЗИКА-ХИМИЯЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЖАНА АНЫН ЧӨЙРӨДӨГҮ ТААСИРИН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО


**Даярдаган**

**Гүлгаакы Апсаматова**

**Жетекчиси**

**т.и.д., профессор Зарлык Маймеков**


**Магистрдик диссертация**

**Июнь 2016**

**БИШКЕК, КЫРГЫЗСТАН**


2016

КУМУРСКА КИСЛОТАСЫ – КУМУРСКА АЛЬДЕГИДИ – КЫЧКЫЛТЕК – СУУ СИСТЕМАСЫН ФИЗИКА-ХИМИЯЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЖАНА АНЫН ЧӨЙРӨДӨГҮ ТААСИРИН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО

Гүлгаакы Апсаматова

**КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ**
**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**
**ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БИЛИМ БАГЫТЫ**

# КУМУРСКА КИСЛОТАСЫ – КУМУРСКА АЛЬДЕГИДИ – КЫЧКЫЛТЕК – СУУ СИСТЕМАСЫН ФИЗИКА-ХИМИЯЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЖАНА АНЫН ЧӨЙРӨДӨГҮ ТААСИРИН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО

**Даярдаган**
**Гүлгаакы Апсаматова**

**Жетекчиси**
**т.и.д., профессор Зарлык Маймеков**

**Магистрдик диссертация**

**Июнь 2016**

**БИШКЕК, КЫРГЫЗСТАН**

## ПЛАГИАТ ЖАСАЛБАГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮ

Мен бул эмгекте алынган бардык маалыматтарды академиялык жана этикалык эрежелерге ылайык колдондум. Тагыраак айтканда, бул эмгекте колдонулган, бирок мага тиешелүү болбогон маалыматтардын бардыгын тиркемеде так көрсөттүм жана эч кайсы жерден плагиат жасалбагандыгына ынандырып кетким келет.

Гүлгаакы Апсаматова
Колу:

## BİLİMSEL ETİĞE UYGUNLUK

Bu çalışmadaki tüm bilgilerin, akademik ve etik kurallara uygun bir şekilde elde edildiğini beyan ederim. Aynı zamanda bu kural ve davranışların gerektirdiği gibi, bu çalışmanın özünde olmayan tüm materyal ve sonuçları tam olarak aktardığımı ve referans gösterdiğimi belirtirim.

Gülgaakı Apsamatova
İmza:

## YÖNERGEYE UYGUNLUK

“ Formik asit – formaldehit – oksijen – su sistemin fiziksel ve kimyasal modellemesi ve çevresel etki değerlenmesi “ adlı Yüksek Lisans Tezi, Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi Lisansüstü Tez Önerisi ve Tez Yazım Yönergesi’ne uygun olarak hazırlanmıştır.

| | |
|---|---|
| Gülgaakı Apsamatova | Prof. Dr. Zarlık Maymekov |
| İmza | İmza |

Çevre Mühendisliği ABD Başkanı
Prof. Dr. Zarlık Maymekov
İmza

## КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ЧЕЧИМ

Т.и.д., профессор Зарлык Маймеков жетекчилигинде Апсаматова Гүлгаакы тарабынан даярдалган «Кумурска кислотасы – кумурска альдегиди – кычкылтек – суу системасын физика-химиялык моделдөө жана анын чөйрөдөгү таасирин экологиялык баалоо» темасындагы магистрдик иш коммисия тарабынан Кыргыз-Түрк Манас университетинин Табигый илимдер институтунун Экологиялык инженерия багытында магистрдик иш болуп кабыл алынды.

10.06.2016

**Комиссия:**

| | | |
|---|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | т.и.д., проф. Маймеков З. К. | ……………….. |
| **Төрагасы:** | х.и.д., проф. Карабаев С. О. | ……………….. |
| **Мүчө:** | т.и.д., проф.Кожобаев К. А. | ……………….. |
| **Мүчө:** | х.и.к., доц. Салиева К. Т. | ……………….. |
| **Мүчө:** | б.и.к., доц. Тотубаева Н. Э. | ……………….. |

10.06.2016

проф. Хаяти Беширли

Институт Мүдүрү

## KABUL VE ONAY

Prof. Dr. Zarlık Maymekov danışmanlığında Gülgaakı Apsamatova tarafından hazırlanan " Formik asit – formaldehit – oksijen – su sistemin fiziksel ve kimyasal modellemesi ve çevresel etki değerlenmesi " adlı bu çalışma, jürimiz tarafından Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi Fen Bilimleri Enstitüsü Çevre Mühendisliği AnaBilim Dalı Dalında Yüksek Lisans Tezi olarak kabul edilmiştir.

10.06.2016

(Tez savunma sınav tarihi yazılacaktır.)

**JÜRİ:**

| | | |
|---|---|---|
| **Danışman** | Prof. Dr. Zarlık Maymekov | ……………….. |
| **Jüri başkanı** | Prof. Dr. Sultan Karabaev | ……………….. |
| **Üye** | Prof. Dr. Kanatbek Kocobaev | ……………….. |
| **Üye** | Doç. Dr. Kalipa Salieva | ……………….. |
| **Üye** | Doç. Dr. Nurzat Totubaeva | ……………….. |

10.06.2016

Prof. Dr. Hayati Beşirli

Enstitü Müdürü

## АЛГАЧ СӨЗ

Билим алууда салымы чоң,  магистрдик ишти даярдоодо мага жардамын жана ой-пикирлерин аябаган илимий жетекчим техника илимдеринин доктору, профессор Зарлык Маймеков агайга, жана магистрдик окуу процессинде  окуткан Табигый Илимдер Институттун жалпы мугалимдер жамаатына жана кызматкерлерине терең ыраазычылыгымды билдирем.

Гүлгаакы Апсаматова

Бишкек, Июнь, 2016

**КУМУРСКА КИСЛОТАСЫ – КУМУРСКА АЛЬДЕГИДИ – КЫЧКЫЛТЕК – СУУ СИСТЕМАСЫН ФИЗИКА-ХИМИЯЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЖАНА АНЫН ЧӨЙРӨДӨГҮ ТААСИРИН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО**

**ГҮЛГААКЫ АПСАМАТОВА**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ, ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ, ИЮНЬ 2016**

**ИЛИМИЙ ЖЕТЕКЧИ:т.и.д., профессор ЗАРЛЫК МАЙМЕКОВ**

## КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Айлана-чөйрөдөгү заттар жана жараяндар бири - бирине тыгыз байланышта болгондуктан таштанды сууларда кармалган кирдеткичтер баардык экосистемага жана адамга терс таасирин тийгизет. Мындай кирдеткичтердин бири болуп органикалык кычкылдарга кирген кумурска кислотасы менен кумурска альдегиди саналат. Диссертациялык жумушта кумурска кислотасы – кумурска альдегиди – кычкылтек – суу системасы компоненттердин ар-кыл катнаштарында изилденди. Винклердин ыкмасы менен лабораториялык шарттагы моделдик сууларда эриген кычкылтектин саны аныкталды, ушул эле эксперимент YSI 95 жабдыгынын жардамы менен да орун алды; перманганаттык кычкылданууга негизделген химиялык кычкылтекe болгон зарылдык эсептелди; Oxitop жабдыгынын жардамы менен биологиялык кычкылтекe болгон зарылдык аныкталды, ошондой эле суу үлгүлөрүнүн pH, температурасы өлчөндү. Гиббстин минималдык энергиясында каралган системалардын компьютердик моделдери түзүлүп, салыштырылды жана оксикычкылдардын айлана-чөйрөгө болгон биргелешкен таасири экологиялык бааланды.

**Ачкыч сөздөр:** кумурска кислотасы, кумурска альдегиди, физика-химиялык моделдөө, экологиялык таасир

**PHYSICAL AND CHEMICAL MODELING OF SYSTEM: FORMIC ACID – FORMALDEHYDE – OXYGEN – WATER AND ECOLOGICAL ASSESSMENT OF ITS IMPACT ON THE ENVIRONMENT**

**GULGAAKY APSAMATOVA**

**Kyrgyz Turkish Manas University, Graduate School of Natural and Applied Science**

**MASTER THESIS, JUNE 2016**

**SUPERVISOR: PROF. DR. ZARLYK MAİMEKOV**

## ABSTRACT

Wastewaters are one of the global environmental problems. Since in our environment all the substances and processes are closely linked with each other pollutants contained in the wastewater are detrimental to the entire ecosystem and humanity. Such pollutants included in the organic oxide are formic acid and formic aldehyde. In this work we have studied the system formic aldehyde formic acid-oxygen-water. In the laboratory using Winkler's method and apparatus were measured with a YSI 95 the amount of dissolved oxygen in waters of the model, the chemical need for oxygen was determined by the method of permanganate oxidation, and the biological need for oxygen was measured using Oxitop apparatus, also were taken to determine the acidity and temperature of the investigated waters. There were created computer models of systems, carefully compared among themselves and carried out an environmental impact assessment of formic aldehyde and formic acid on the environment.

**Keywords:** Formic acid, formic aldehyde, physico-chemical modeling, environmental assessment

**ФИЗИКО-ХИМИЧЕСКОЕ МОДЕЛИРОВАНИЕ СИСТЕМЫ: МУРАВЬИНАЯ КИСЛОТА – МУРАВЬИНЫЙ АЛЬДЕГИД – КИСЛОРОД – ВОДА И ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ОЦЕНКА ЕЕ ВЛИЯНИЯ НА ОКРУЖАЮЩУЮ СРЕДУ**

**ГУЛГААКЫ АПСАМАТОВА**

**Кыргызско Турецкий Университет "Манас", Институт естественных наук**

**МАГИСТЕРСКАЯ ДИССЕРТАЦИЯ, ИЮНЬ 2016**

**НАУЧНЫЙ РУКОВОДИТЕЛЬ: д.т.н., проф. ЗАРЛЫК МАЙМЕКОВ**

## АННОТАЦИЯ

В магистерской диссертации рассмотрена: система муравьиная кислота-муравьиный альдегид-кислород-вода и анализированы техногенные источники выделения муравьиной кислоты, муравьиного альдегида; отмечены их техногенные нагрузки в окружающей природной среде. Изложены экологические стандарты и составлен краткий обзор литературы. В экспериментальной части приведены методики определения кислорода в воде методом Винклера и на основе аппарата YSI 95, а также методики определения химического и биологического потребления кислорода с целью определения органических загрязнителей в воде.

Составлены физико-химические модели системы: муравьиная кислота-муравьиный альдегид-кислород-вода при минимуме энергии Гиббса и рассчитаны термодинамические параметры. Найдено концентрационное распределение компонентов и частиц в растворе. С целью снижения концентрации муравьиной кислоты и муравьиного альдегида в воде были использованы оксиды и гидрооксиды кальция, магния,бария при различных значениях температуры. Соответственно рассмотрены системы: HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$, HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-CaO, HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Ca(OH)_2$, HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-MgO, HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Mg(OH)_2$, HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-BaO, HCOOH-HCOH-

$O_2$-$H_2O$-$Ba(OH)_2$ и показаны изменения физико-химических и термодинамических параметров системы. Отмечено, что муравьинный альдегид из газовой фазы переходит в водный раствор и образует муравьинную кислоту, а гидрооксиды металлов с муравьиной кислотой образуют соли, и тем самым уменьшают их концентрации в окружающей природной среде. В технологических целях для уменьшения концентрации муравьиной кислоты и муравьиного альдегида в водной среде использован оксид (гидроксид) кальция, как более доступное местное сырье.

В заключении изложены выводы и приведены литературные источники и приложения. По результатам исследований опубликована одна научная статья во втором номере журнала «Известия вузов Кыргызстана»,г.Бишкек.

**Ключевые слова:** муравьиная кислота, муравьиный альдегид, физико-химическое моделирование, экологическая оценка

**FORMIK ASIT – FORMALDEHIT – OKSIJEN – SU SISTEMIN FIZIKSEL VE KIMYASAL MODELLEMESI VE ÇEVRESEL ETKI DEĞERLENMESI**

**GÜLGAAKI APSAMATOVA**

**KIRGIZISTAN TÜRKIYE MANAS ÜNIVERSITESI, FEN BILIMLERI ENSTITÜSÜ**

**YÜKSEK LISANS, HAZİRAN 2016**

**DANIŞMAN: PROF. DR. ZARLIK MAYMEKOV**

## GENİŞ ÖZET

Bu çalışmada formik asit, formaldehit-oksijen-su sistemi incelendi. Çalışmanın birinci bölümünde formik asitin fiziksel ve kimyasal özellikleri, formik asit ve formaldehitin çevreye ve insana olan etkileri, formik asitin kullanım alanları, üretim yöntemleri, çevreye ulaşma kaynakları gösterildi.

Deneysel bölümde formaldehit, formik asit ve kalsiyum oksitin farklı konsantrasyonları alınarak su numuneleri hazırlanıp, numunelerin çözünmüş oksijeninin Winkler yöntemi ve YSI- 95 cihazı kullanarak sonuçlar elde edildi:

| **Su numunesi** | **Winkler yöntemiyle elde edilen sonuçlar, Çözünmüş oksijen, mg/lt** |
|---|---|
| Temiz su | 8,12 |
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asiti içeren su | 6,17 |
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asit ve 1 ml kalsiyum oksitini içeren su | 7,22 |

| **Su numunesi** | **YSI 95 cihazının yardımıyla elde edilen sonuçlar, Çözünmüş oksijen, mg/lt** |
|---|---|
| Temiz su | 9,30 |
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asiti içeren su | 5,13 |
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asit ve 1 ml kalsiyum oksitini içeren su | 8,20 |

Aynı su numunelerinin kimyasal oksijene ihtiyacı bulundu ve biyolojik oksijene ihtiyacı OXITOP cihazı kullanımı sonucu elde edildi:

| Su numunesi | Kimyasal oksijene ihtiyacı, mg/lt |
|---|---|
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asiti içeren su | 6 |
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asit ve 1 ml kalsiyum oksitini içeren su | 5,2 |

| Su numunesi | Biyolojik oksijene ihtiyacı, mg/lt |
|---|---|
| Temiz su | 1,5 |
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asiti içeren su | 17,0 |
| 1 ml formaldehit, 1 ml formik asit ve 1 ml kalsiyum oksitini içeren su | 4,8 |

Son denemede $H_2O$-HCOH, $H_2O$-HCOOH, $H_2O$-HCOH-HCOOH, $H_2O$-HCOH-$O_2$, $H_2O$-HCOOH-$O_2$, $H_2O$-HCOH-HCOOH-$O_2$ sistemleri incelendi ve organik maddelere bağlı olarak sistemlerin pH (8,13 - kadar) çözünmüş oksijenin sayısı (10,59 - kadar) değişmekte olduğu açıklandı.

Üçüncü bölümde $H_2O$-HCOH-$O_2$; $H_2O$-HCOOH-$O_2$; $H_2O$-HCOH-HCOOH-$O_2$; $H_2O$-HCOH-HCOOH; $H_2O$-HCOOH; $H_2O$-HCOH; HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-CaO; HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Ca(OH)_2$; HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-MgO; HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Mg(OH)_2$; HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-BaO; HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Ba(OH)_2$ sistemlerin bilgisayar programıyla modelleri oluşturuldu, orda 288,15 K sıcaklıkta pH değeri, entalpi, entropi, Gibbs enerjisi, iç enerji, yoğunluk, bağımlı ve bağımsız bileşenler, gazların parametreleri gösterildi. Formik asit ve formaldehitin çevreye olan etkisi değerlendi, Çüy nehrinin örneğinde 16288,62 soma eşit oldu.

Sonuçlar:

1. Formaldehit esas olarak araç egzoz gazlarından çevreye atılır ve suda eriyip formik asite dönüşür. Bu bakışlar literatür incelemede belirtildi.
2. Formaldehit-formik asit-su-oksijen su numunelerinde formaldehit ve formik asitin konsantrasyonu yüksek olduğunda çözünmüş oksijenin sayısı azaldı, aynı sisteme kalsiyum oksiti koyulduğunda çözünmüş oksijenin sayısı yükseldi. Çözünmüş oksijenin az olması suyun kirli olduğunu anlatır.
3. Formaldehit-formik asit-su-oksijen su numunelerinde formaldehit ve formik asitin konsantrasyonu yüksek olduğunda biyolojik oksijene ihtiyacın sayısı yükseldi, aynı

sisteme kalsiyum oksiti koyulduğunda biyolojik oksijene ihtiyacın sayısı azaldı. Çünkü organik kirleticiler ne kadar çoksa mikroorganizmalar onları çözmek için o kadar oksijen kullanır.

4. Formaldehit-formik asit-su-oksijen su numunelerinde formaldehit ve formik asitin konsantrasyonu yüksek olduğunda kimyasal oksijene olan ihtiyacın sayısı yükseldi, aynı sisteme kalsiyum oksiti koyulduğunda kimyasal oksijene olan ihtiyacın sayısı azaldı. Kimyasal oksijene olan ihtiyacın sayısı kirli sularda daha çok olduğu kanıtlandı

5. Formaldehit ve formik asitin suda olan konsantrasyonunu azaltmak için sistemlere kalsiyum, magnezyum, baryum oksitleri koyuldu ve onların çevreye olan zararını en aza indirmede kalsiyum oksiti oldu.

**Anahtar Kelimeler:** Formaldehit, formik asit, çevresel ve kimyasal modelleme, çevresel etki değerlendirme

**МАЗМУНУ**

**КУМУРСКА КИСЛОТАСЫ – КУМУРСКА АЛЬДЕГИДИ – КЫЧКЫЛТЕК – СУУ СИСТЕМАСЫН ФИЗИКА-ХИМИЯЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЖАНА АНЫН ЧӨЙРӨДӨГҮ ТААСИРИН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО**


БАШКЫ БЕТ……………………………………………………………………i
ПЛАГИАТ ЖАСАЛБАГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮ..................................ii
BİLİMSEL ETİĞE UYGUNLUK......................................................................ii
YÖNERGEYE UYGUNLUK...........................................................................iii
КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ЧЕЧИМ ......................................................................iv
KABUL VE ONAY ..........................................................................................v
АЛГАЧ СӨЗ....................................................................................................vi
КЫСКАЧА МАЗМУНУ ..................................................................................vii
ABSTRACT.....................................................................................................viii
АННОТАЦИЯ ..................................................................................................ix
GENİŞ ÖZET....................................................................................................xi
МАЗМУНУ .....................................................................................................xiv
СИМВОЛДОР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР.......................................................xvi
ЖАДЫБАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ ..................................................................xvii
СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ..........................................................................xviii
КИРИШҮҮ ........................................................................................................19
1. АДАБИЯТ-МААЛЫМАТТЫК ТАЛДОО ........................................................20
1.2. Кумурска кислотасынын жана формальдегиддин чөйрөдөгү техногендик таасирлери..........................................................................................21
1.3. Кумурска кислотасынын колдонулушу ......................................................23
1.5. Кумурска кислотасын алуу ........................................................................23
1.6. Кумурска кислотасы менен формальдегидтин чөйрөгө түшүү булактары ......24
2. ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК БӨЛҮМ ..................................................................26
2.1. Ссуда эриген кычкылтектин санын Винклердин ыкмасы менен аныктоо.......26
2.1.1. Суудa эриген кычкылтектин санын YSI 95 Модели аркылуу аныктоо .........31

2.2. Химиялык кычкылтеке болгон зарылдыкты формальдегидке карата аныктоо. Перманганаттык кычкылдануу ыкмасы (ХКЗ) ........................................................ 33
2.3. Биологиялык кычкылтеке болгон зарылдыкты (БКЗ) формальдегидке карата аныктоо ........................................................ 36
2.4. Системаларды изилдөө ........................................................ 37
3. НАТЫЙЖАЛАР ........................................................ 41
3.1. $H_2O$-HCOH-$O_2$ системасын физика-химиялык моделдөө ........................................................ 41
3.2. HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$ системасын физика-химиялык моделдөө ........................................................ 42
3.3. HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-CaO системасын физика-химиялык моделдөө ........................................................ 44
3.4. HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Ca(OH)_2$ системасын физика-химиялык моделдөө ... 45
3.5. HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-MgO системасын физика-химиялык моделдөө ........................................................ 47
3.6. HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Mg(OH)_2$ системасын физика-химиялык моделдөө .. 49
3.7. HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-BaO системасын физика-химиялык моделдөө ........................................................ 50
3.8. HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Ba(OH)_2$ системасын физика-химиялык моделдөө ... 52
3.9. Суу чөйрөсүндөгү HCOH жана HCOOH концентрациясын азайтуу боюнча технологиялык схема, Р=1бар, Т=288,15К ........................................................ 56
3.10. Суунун органикалык кычкылдар менен булгануу даражасын экологиялык баалоо ........................................................ 57
3.10.1 Суудагы кумурска кислотасы менен формальдегиддин чөйрөгө тийгизген зыяндуулугун (Чүй дарыясынын мисалында) экологиялык баалоо ........................................................ 59
КОРУТУНДУЛАР ........................................................ 60
АДАБИЯТТАР ........................................................ 62
ТИРКЕМЕЛЕР ........................................................ 64
ӨМҮР БАЯН ........................................................ 105

## СИМВОЛДОР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

| **Кыскартуулар** | **Мааниси** |
|---|---|
| мг/л | миллиграмм/литр |
| г | грамм |
| см | сантиметр |
| мл | миллилитр |
| н | нормалдуулук |
| К | кельвин |
| кг | килограмм |
| кум. кис. | кумурска кислотасы |
| комп. | компонент |
| ЧДК | чектүү деңгээлдеги концентрация |

**ЖАДЫБАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ**

Жадыбал 1.1.1 Кумурска кислотасынын физика-химиялык касиеттери [2]......20

Жадыбал 1 2.1 Формальдегиддин жана кумурска кис-нын ЧДК-лары [7].........22

Жадыбал 1.3.1 Кумурска кислотасынын колдонулушу [8] ................................23

Жадыбал 1.4.1 Кумурска кислотасын алуу жолдору[10] ....................................23

Жадыбал 2.1.1 Сууда эриген кычкылтектин саны [6] .........................................29

Жадыбал 2.1.2 Эриген кычкылтектин саны ........................................................30

Жадыбал 2.1.1.1 YSI 95 аппараты менен ченелген эриген кычкылтек..............32

Жадыбал 2.2.1 Химиялык кычкылтеке болгон зарылдык..................................35

Жадыбал 2.3.1 Биологиялык кычкылтеке болгон зарылдык ..............................36

Жадыбал 2.4.1 Суу-формальдегид системасы .....................................................38

Жадыбал 2.4.2 Суу-кумурска кислота системасы................................................38

Жадыбал 2.4.3 Суу-формальдегид-кумурска кислотасы системасы .................39

Жадыбал 2.4.5 Суу-формальдегид-кычкылтек системасы .................................39

Жадыбал 2.4.5 Суу-кумурска кислотасы-кычкылтек системасы .......................39

Жадыбал 2.4.6 Суу-формальдегид-кумурска кислотасы-кычкылтек сис-сы.....40

Жадыбал 3.1.1 $H_2O$-HCOH-$O_2$.......................................................................41

Жадыбал 3.2.1 HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$ .............................................................42

Жадыбал 3.3.1 HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-CaO ......................................................44

Жадыбал 3.4.1 HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Ca(OH)_2$ ................................................45

Жадыбал 3.5.1 HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-MgO ......................................................47

Жадыбал 3.6.1 HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Mg(OH)_2$ ................................................49

Жадыбал 3.7.1 HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-BaO .......................................................51

Жадыбал 3.8.1 HCOOH-HCOH-$O_2$-$H_2O$-$Ba(OH)_2$ ................................................52

Жадыбал 3.10.1 Суу объектилери үчүн $\sigma_K$ саны ...............................................57

Жадыбал 3.10.2 Химиялык заттардын ЧДК-лары [6]..........................................58

Жадыбал 3.10.1.1 Кирдетүүчү заттарды а-чөй-ө ыргытуулар үчүн төлөм [20].59

## СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ


Сүрөт 2.1.1. Суу үлгүсү ..........27
Сүрөт 2.1.2. Марганец сульфаты жана жегич калий кошулган чөкмө ..........27
Сүрөт 2.1.3. Күкүрт кислотасы кошулган чөкмө ..........27
Сүрөт 2.1.4. Марганец сульфаты жана мочевина кошулган чөкмө ..........27
Сүрөт 2.1.6. Калий иодунун эритмеси ..........28
Сүрөт 2.1.5. Суу колбасы ..........28
Сүрөт 2.1.8. Натрий тиосульфат менен түссүздөнгө чейин титрлөө ..........28
Сүрөт 2.1.7. Крахмал эритмеси ..........28
Сүрөт 2.1.9. Эриген кычкылтектин саны ..........31
Сүрөт 2.1.1.1. YSI 95 аппараты ..........31
Сүрөт 2.1.1.2. YSI 95 аппараты менен ченелген эриген кычкылтектин саны....32
Сүрөт 2.2.2. Калий перманганаты менен күкүрт кислотасы кошулган эритме .34
Сүрөт 2.2.1. Суу үлгүлөрү ..........34
Сүрөт 2.2.4. Щавель кислотасы кошулган эритме ..........34
Сүрөт 2.2.3. Кайнатуу процесси ..........34
Сүрөт 2.2.5. Калий перманганаты менен титрлөө ..........35
Сүрөт 2.3.1. OXITOP жабдыгы ..........36
Сүрөт 2.3.2. Биологиялык кычкылтеке болгон зарылдык ..........37
Сүрөт 2.4.1. Компрессор ..........38
Сүрөт 2.4.2. pH-метр ..........38
Сүрөт 3.1.1. pH боюнча өзгөрүү ..........54
Сүрөт 3.1.2. Гиббс энергиясынын өзгөрүүсү ..........55
Сүрөт 3.1.3. Тыгыздыктын өзгөрүүсү ..........56

## КИРИШҮҮ

Диссертациялык иште кумурска кислотасы-кумурска альдегиди – кычкылтек - суу системасы изилденип, кумурска кислотасы жана кумурска альдегидинин чөйрөдөгү булактары, таасири, экологиялык абалдары каралды. Зыяндуу заттардын экологиялык стандарттары белгиленди жана адабияттык анализ жасалды. Диссертациянын эксперименталдык бөлүгүндө суудагы кумурска кислотасын жана кумурска альдегидин аныктоо ыкмалары берилди, суудагы эриген кычкылтектин концентрациясын альдегидке жана кумурска кислоталарына карата аныктоо орун алды. Мындан сырткары, суудагы химиялык жана биологиялык кычкылтеке болгон зарылдык эсептелди.

Натыйжалык бөлүктө кумурска кислотасы-кумурска альдегиди – кычкылтек – суу системасын физика-химиялык моделдери түзүлдү жана физика-химиялык, термодинамикалык параметрлердин мааниси эсептелди. Суудагы кумурска кислотасы-кумурска альдегидинин өлчөмүн азайтуу максатында системага кальций, магний, барийдин кычкылдары кошулуп, алардын абалдары температуранын кенири маанисинде изилденди. Техногендик кумурска кислотасы-кумурска альдегидинин чөйрөдөгү өлчөмүн азайтуу жана алардын таасирин экологиялык баалоо иштери орун алды. Суудагы органикалык заттардын зыяндуулугу алардын келтирген коромжуларын табуу менен шартталды, б.а.суунун өлчөмү, органикалык заттардын (кумурска альдегиди, кумурска кислотасы) суудагы концентрациялары, ЧДК, салыштырмалуу коопсуздугу жана суунун сапатын арттырууга жумшалган каражаттардын чыгымы эске алынды. Натыйжаларда, зыяндуу органикалык заттардын өлчөмүн азайтууну кальцийдин суу кычкылы менен жүргүзүү белгиленди. Процесстин коромжусун эсептөө жана экологиялык баалоо ишке ашырылды. Корутундулар жазылды жана адабияттык булактар,тиркемелелер келтирилди. Иштин натыйжалары боюнча бир илимий макала жазылып, ал басмадан чыкты.

# 1. АДАБИЯТ-МААЛЫМАТТЫК ТАЛДОО

## 1.1. Кумурска кислотасы жөнүндө жалпы маалымат

Кумурска кислотасы – органикалык кислота, латын аталышы – Acidum formicicum. Суу, эфир, метанол, этанол менен аралашат; суу менен азеотроптук аралашманы пайда кылат (77,5%). Медициналык практикада 1,4% спирт эритмеси катары колдонулат (кумурска спирти) – түссүз, кескин жыттуу суюктук [1] .

Жадыбал 1.1.1 Кумурска кислотасынын физика-химиялык касиеттери [2]

| **Жалпы** | |
|---|---|
| Системалык аталышы | Метан кислотасы |
| Традициялык аталышы | Кумурска кислотасы |
| Химиялык формуласы | HCOOH |
| Эмпирикалык формуласы | $CH_2O_2$ |
| Физикалык касиеттери | |
| Агрегаттык абалы | Суюктук |
| Молярдык масса | 46,025380 г/моль |
| Тыгыздык | 1,2196 г/см$^3$ |
| Динамикалык илээшкектик | 0,16 Па·с(20 °C) |
| Термикалык касиеттери | |
| Эрүү температурасы | 8,25 °C |
| Кайноо температурасы | 100,7 °C |
| Күйүү температурасы | 60 °C |
| Өзүнөн өзү күйүү температурасы | 520 °C |
| Үч чекит | 281,40 K (8,25 °C), 2,2 кПа |
| Критикалык чекит | 588 K (315 °C), 5,81 МПа |
| Молярдык жылуулук сыйымдуулук (ст. шарт) | 98,74 Дж/(моль·K) |
| Энтальпия (ст. шарт) | −409,19 кДж/моль |
| Буунун басымы | 120 мм. рт. ст. (16 кПа) 50 °C |
| Химиялык касиеттери | |
| $pK_a$ | 3,75 |
| pH | 2,1 |
| Оптикалык касиеттери | |

| | | |
|---|---|---|
| Сынуу көрсөткүчү | | 1,3714 |
| | Структура | |
| Диполдук момент | | 1,41 (газ) Д |

## 1.2. Кумурска кислотасынын жана формальдегиддин чөйрөдөгү техногендик таасирлери

Кумурска кислотасынын таасири анын концентрациясына байланыштуу болот. 10% - га чейинки концентрациядагы курмурска кислотасы дүүлүктүрүүчү эффектке ээ жана ал коопсуз болуп эсептелинет, көбүрөөк концентрациядагы кумурска кислотасы бузуучу эффектке ээ болуп саналат. Өндүрүш жайларда кумурска кислотасынын абадагы концентрациясы 0,02–0,11 мг/л болгондо көз жашылдануу, сасык тумоо, чүчкүрүү, жөтөлүү, көкүрөктүн кысылышы жана оорушу, тамак ооруу, катуу тамакты жутуу кыйындыгы, зарына, кекирүү пайда болот. Ошентип концентирленген кумурска кислотасы териге тийгенде катуу күйүү жана ооруугa себеп болот. Ошондой эле концентирленген буулар менен кезигүү дагы кооптуу, себеби кумурска кислотасын дем алганда дем алуу жолдордун жана көздүн жабыркоосуна алып келет. Кокустан организмдин ичине киргенде катуу некротикалык гастроэнтеритти пайда кылат. Кумурска кислотасынын дагы бир өзгөчөлүгү болуп – анын организмден топтолбой бат чыгуусу эсептелинет [3].

Кумурска кислотасы бактериялар үчүн бактерициддик таасир тийгизет, ичеги таякча (кишечная палочка) үчүн ЧДК 1000 мг/л түзөт. Суудагы тирүү жандыктар үчүн аз зыяндуу. 120 мг/л концентрацияда дафниялар 23°С-де 2 сутка жашайт, ал эми Scenodesmus балырлар 100 мг/л концентрацияда 24°С-де 4 суткага чейин жашайт.

Омурткалуулар үчүн жалпы токсикалык таасир тийгизет: өпкөнү бузат, боор жана бөйрөктө дистрофикалык өзгөрүүлөргө алып келет, нерв системасына дагы терс таасирин тийгизет. Кумурска кислотасынын буулары жергиликтүү дүүлүгүгө алып келет, суюк кислота болсо химиялык күйүүлөрдүн пайда болушуна себеп болот[4].

Формальдегид тирүү организмдерге зыяндуу таасир тийгизет. Анын таасири формальдегидтин концентрациясынан, кезигүү жолунан (дем алуу, тийүү, жутуу ж.б.) жана узактыгынан, организмдин өздүк сезгичтүүлүгүнө байланыштуу. Жогорку концентрациядагы заттын туруктуу таасири органдардын мутациясына алып келиши мүмкүн. Формальдегид мутаген катары жашоо коопсуздугуна алып келген мутацияларга себеп болгондон тышкары бул мутациялар кийинки тукумдарга да берилет. Баш оруу, чарчоо, көңүлсүздүккө алып келет, ошондой эле борбордук нерв системасына зыяндуу таасирин тийгизет. Ууулануу симптомдору болуп кийинкилер саналат: депрессия, дем алуу кыйынчылыгы, баш ооруу, түнкү убактары тарамыштардын карышуусу. Астма ооруусун да козгошу мүмкүн. Формальдегид организмде топтолуп оңой чыгарылбайт. Формальдегидтин зыяндуу таасири ар кандай убакытта болушу мүмкүн жана адамдын туруктуулугуна байланыштуу – айлар, жылдар өткөн соң гана зыяндуу таасир сезилиши мүмкүн. Чоң негативдүү таасирге көбүнчө кичинекей балдар сезгичтүү болот [5].

Табигый сууларда формальдегид микроорганизмдердин жардамы менен бат эле ажырайт. Аэробдук шартта 20°C 30 сааттын ичинде ажырайт, анаэробдук шартта бул процесс 48 саат жүрөт. Стерилдүү сууда формальдегид ажырабайт. 10 мг/л формальдегид кээ бир балыктарга зыяндуу таасир тийгизет, 0,24 мг/л балыктын ткандары жагымсыз жыттана баштайт[6,7].

Жадыбал 1 2.1 Формальдегиддин жана кумурска кислотасынын ЧДК-лары [8]

| **Көрсөткүч** | **Кумурска кислотасы** | **Формальдегид** |
|---|---|---|
| Коркунуч классы | 2 | 2 |
| ЧДК 1 максималдуу | 0,2 мг/м$^3$ | 0,30 мг/м$^3$ |
| ЧДК ортосуткалык | 0,05 мг/м$^3$ | 0, 12 мг/м$^3$ |
| Ичме суудагы ЧДК | | 0,05 мг/л |
| Балык чарба үчүн суулардагы ЧДК | 1,0 мг/л | 0,25 мг/л |

## 1.3. Кумурска кислотасынын колдонулушу

Жадыбал 1.3.1 Кумурска кислотасынын колдонулушу [9]

| | |
|---|---|
| 1) Медицинада | Сырттан сыйпалуучу ооруу сезимин басаңдатуучу каражат катары колдонулат |
| 2) Айыл – чарбада | Жем даярдоодо колдонулат. Кумурска кислотасы ажыроо процессин жана чирүүнү басаңдатуу менен чөптү жана силосту узун убакытка сактоого мүмкүнчүлүк берет |
| 3) Химиялык өнөр жайда | Эриткич катары колдонулат |
| 4) Текстиль өнөр жайында | Жүндү боёдо колдонулат |
| 5) Тамак – аш өнөр жайында | Консервант катары колдонулат (E236) |
| 6) Бал челекчиликте | Кирдеткичтер менен күрөшүү каражаты катары колдонулат |

## 1.5. Кумурска кислотасын алуу

Биринчи жолу кумурска кислотасын 17 кылымда англиялык Джон Рэйем токойдун сары кумурскаларынан (ич безинен) алган. Курт – кумурскалардан тышкары, кумурска кислотасы жаратылышта кээ бир өсүмдүктөрдө (чалкан, карагай), жемиштерде жана аарылардын жегич бөлөөлөрүндө кездешет. 19 кылымда француз окумуштуусу Джозеф Гей-Люссак биринчи жолу кумурска кислотасын синтездеп алган. Ошондой эле кумурска кислотасы төмөнкү жолдор менен алынат[10]:

Жадыбал 1.4.1 Кумурска кислотасын алуу жолдору[11]

| | |
|---|---|
| 1) | $HCCL_3 + 4KOH \rightarrow HCOOK + 3KCL + 2H_2O$<br>Хлороформ суюлтулган жегич менен реакцияга киргенде |
| 2) | $HCN + 2H_2O \rightarrow HCOOH + NH_3$<br>Синил кислотасын суулантуу менен |
| 3) | $KH + CO_2 \rightarrow HCOOK$<br>Көмүр кычкыл газы калийдин гидриди менен реакцияга киргенде |
| 4) | $(COOH)_2 \rightarrow HCOOH + CO_2$<br>Щавель кислотасын глицерин менен ысытууда |
| 5) | $CO + NaOH \rightarrow HCOONa$<br>$HCOONa + H_2SO_4 \rightarrow NaHSO_4 + HCOOH$<br>Көмүр кычкыл газын ысытылган жегич натрийден өткөзүүдө |

### 1.6. Кумурска кислотасы менен формальдегидтин чөйрөгө түшүү булактары

1. Табигый жол
2. Антропогендик жол
   2.1. Биринчилик булактар: алар формальдегидди жана кумурска кислотасын бөлүп чыгарышат
   2.2. Экинчилик булактар: алар органикалык бирикмелерди бөлүп чыгарышат, ал эми органикалык бирикмелер чөйрөдөгү белгилүү шарттарда кумурска кислотасын жана формальдегидти пайда кылышат. Формальдегид өз убагында атмосферадагы кошулмалар менен реакцияга кирип, башка зыяндуу бирикмелерди пайда кылат же өзгөрүп отуруп көмүртектин кычкылына (II) жана сууга айланат[12].

Табигый булактарга өсүмдүктөр, вулкан газдары, токой өрттөрү жана жаныбарлардын бөлүп чыгаруулары кирет[13].

Метандын табигый булактарына суу-саздак жерлер кирет. Алар баардык ыргытылган метандын 80 пайызын түзөт. Табигый булактардын жалпысынан бир жылда 250 млн тоннага чейин метан бөлүнүп чыгат. Франк Кепплердин жумушу боюнча ыргытылган метандын 1/3 бөлүгү өсүмдүктөргө таандык.

Бөлүнүп чыккан метан табиятта ультрафиолеттин жана башка газдардын жардамы менен формальдегидке жана кумурска кислотасына айланат. Төмөнкү реакцияларга учураган метан аягында формальдегидке айланат[14]:

1) $CH_4CH_4 + OH^- \rightarrow CH_3O_2^* + H_2O$
2) $CH_3O_2^* + NO \rightarrow CH_3O^* + NO_2$
3) $CH_3O^* + O_2 \rightarrow HCHO + HO_2^*$
4) $HO_2^* + NO_2 \rightarrow OH + NO_2$
5) $2(NO_2 + hv \rightarrow NO + O)$
6) $2(O + O_2 + M \rightarrow O_3 + M)$
7) $CH_4 + 4O_2 + 2hv \rightarrow HCHO + 2O_3 + H_2O$

Антропогенндик булактардан жыл сайын 320 млн тоннага жакын метан ыргытылат. Негизги метан ыргытуулар мунай затты, көмүрдү жана газды

чыгарууда, автоунада, калдыктарды кайрадан иштетүүдө, күрүчтү өстүрүүдө, таштанды сууларды тазалоодо, лак-май, полиэтилен, учактын газ турбиналык кыймылдаткычтарды өндүрүүдө, биомассаны күйгүзүүдө, май куйуу станцияларда, жылуулук энергетика жайларында пайда болот [14].

Ошондой эле формальдегидтин айлана чөйрөгө түшүү булагы болуп автоунаа саналат, кыймылдаткычтын иштөөсүнүн натыйжасында формальдегид иштетилген газдар менен башка толугу менен күйбөгөн көмүр суутектер менен чогуу абага келип түшөт [15].

## 2. ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК БӨЛҮМ

### 2.1. Сууда эриген кычкылтектин санын Винклердин ыкмасы менен аныктоо

Сууда эриген кычкылтектин саны көлмөлөрдүн абалын баалоодо чоң мааниге ээ. Анын азайышы көлмөдөгү биологиялык процесстердин тез өзгөрүшүн жана ар кандай заттар менен кирдешин көргөзөт. Сууда эриген кычкылтектин концентрациясы жаратылыш факторлорунан атмосфера басымынан, суунун температурасынан, эриген туздардын кармалышынан көз каранды. Ичүүчү жана тиричилик үчүн колдонуучу суулардагы кычкылтектин кармалышы жылдын баардык мезгилинде 4 мг/л аз болбошу керек.

Аныктоо методунун принциби белгилүү көлөмдөгү суудагы эриген кычкылтек марганец (II) гидроксидин, марганец (III) гидроксидине чейин кычкылдандырууга негизделген:

$$MnSO_4+2KOH=Mn(OH)_2+K_2SO_4$$

$$4Mn(OH)_2+O_2+H_2O=4Mn(OH)_3$$

$Mn(OH)_3$ кычкыл чөйрөдө KI кычкылдантып кычкылтеке эквивалент болгон эркин $I_2$ бөлүнүп чыгарат. [16]

$$2Mn(OH)_3+3H_2SO_4+2KI=2MnSO_4+K_2SO_4+I_2+6H_2O$$

$$I_2+2Na_2S_2O_3=2NaI+Na_2S_4O_6$$

Баардык эксперименттерде негизги реактивдер катары формалин (36,5-37,5 % формальдегид), 10% кумурска кислотасы жана 10% кальцийдин кычкылы колдонулду

1. Изилдөө үчүн 100 мл суу үлгүсү алынды (Сүрөт 2.1.1.) ага 2 мл марганец (II) сульфатынын эритмеси жана 2 мл 70% жегич калийдин эритмеси кошулду (Сүрөт 2.1.2.):



Сүрөт 2.1.1. Суу үлгүсү



Сүрөт 2.1.2. Марганец сульфаты жана жегич калий кошулган чөкмө

$$MnSO_4+2KOH=Mn(OH)_2+K_2SO_4$$

$$4Mn(OH)_2+O_2+H_2O=4Mn(OH)_3$$

2. 10 мл суюлтулган күкүрт кислотасы (1:4) (Сүрөт 2.1.3) жана 2 мл марганец (II) сульфатынын эритмеси жана 0,15 мл 40% мочевинанын эритмеси кошулду (Сүрөт 2.1.4):



Сүрөт 2.1.3. Күкүрт кислотасы кошулган чөкмө



Сүрөт 2.1.4. Марганец сульфаты жана мочевина кошулган чөкмө

$$2Mn(OH)_3+3H_2SO_4+2KI=2MnSO_4+K_2SO_4+I_2+6H_2O$$

3. Склянкадагы сууну колбага куюп (Сүрөт 2.1.5.) 2 мл 15% калий иодунун эритмеси кошулду (Сүрөт 2.1.6.):




Сүрөт 2.1.5. Суу колбасы




Сүрөт 2.1.6. Калий иодунун эритмеси

4. 5 мүнөттөн кийин 4 тамчы 0,4% крахмал эритмеси индикатор катары кошулду (Сүрөт 2.1.7.) жана 0,025н натрий тиосульфат эритмеси менен түссүздөнгөнгө чейин титрленди (Сүрөт 2.1.8.):



Сүрөт 2.1.7. Крахмал эритмеси



Сүрөт 2.1.8. Натрий тиосульфат менен түссүздөнгө чейин титрлөө

$$I_2+2Na_2S_2O_3=2NaI+Na_2S_4O_6$$

<u>Эсептөө:</u> эриген кычкылтектин кармалышын X (мг/л) төмөнкү формула боюнча эсептелди

$$x=\frac{aRN\cdot 8\cdot 1000}{V_1-V_2}=\frac{aRN\cdot 8000}{V_1-V_2}$$

Бул жерде:

a — титрлегенге кеткен натрий тиосульфатынын эритмесинин көлөмү, мл

R — натрий тиосульфат титрлеген эритмесинин нормалдуулукка ондоо коэффициенти (поправочный)

N — натрий тиосульфатынын эритмесинин нормалдуулугу

Vi — кычкылтек склянкасынын көлөмү, мл

$V_2$ — кычкылтекти тактоодо кычкылтек склянкасына кошулган жалпы реактивдин көлөмү, мл

8 — кычкылтектин эквивалентти

Эриген кычкылтек менен каныкканда (у) төмөнкү формулада проценттик катышта эсептелинет

$$x\% = \frac{c_1 \cdot 100}{c_2}$$

Бул жерде:

*C*\ — кычкылтектин табылган концентрациясы, мл/л

$c_2$ — суунун температурасына туура келген таб.9 алынган реалдуу басым жана үлгүнүн туздулугу эске алынган кычкылтектин нормалдуу концентрациясы [16]

Жадыбал 2.1.1 Сууда эриген кычкылтектин саны [6]

| **Темпера тура, °С** | **Эриген кычкылтек, мг/л** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,5 | 0,6 | 0,7 | 0,8 | 0,9 |
| 0 | 14,65 | 14,61 | 14,57 | 14,53 | 14,49 | 14,45 | 14,41 | 14,37 | 14,33 | 14,29 |
| 1 | 14,25 | 14,21 | 14,17 | 14,13 | 14,09 | 14,05 | 14,02 | 13,98 | 13,94 | 13,90 |
| 2 | 13,86 | 13,82 | 13,79 | 13,75 | 13,71 | 13,68 | 13,64 | 13,60 | 13,56 | 13,53 |
| 3 | 13,49 | 13,46 | 13,42 | 13,38 | 13,35 | 13,31 | 13,28 | 13,24 | 13,20 | 13,17 |
| 4 | 13.13 | 13,10 | 13,06 | 13,03 | 13,00 | 12,96 | 12,93 | 12,89 | 12,86 | 12,82 |
| 5 | 12,79 | 12,76 | 12,72 | 12,69 | 12,66 | 12,62 | 12;59 | 12,56 | 12,53 | 12,49 |
| 6 | 12,48 | 12,43 | 12,40 | 12,36 | 12,33 | 12,30 | 12,27 | 12,24 | 12,21 | 12,18 |
| 7 | 12,14 | 12,11 | 12,08 | 12,05 | 12,02 | 11,99 | 11,96 | 11,93 | 11,90 | 11,87 |
| 8 | 11,84 | 11,81 | 11,78 | 11,75 | 11,72 | 11,70 | 11,67 | 11,64 | 11,61 | 11,58 |
| 9 | 11,55 | 11,52 | 11,49 | 11,47 | 11,44 | 11,41 | 11,38 | 11,35 | 11,33 | 11,30 |
| 10 | 11,27 | 11,24 | 11,22 | 11,19 | 11,16 | 11,14 | 11,11 | 11,08 | 11,06 | 11,03 |
| 11 | 11,00 | 10,98 | 10,95 | 10,93 | 10,90 | 10,87 | 10,85 | 10,82 | 10,80 | 10,77 |
| 12 | 10,75 | 10,72 | 10,70 | 10,67 | 10,65 | 10,62 | 10,60 | 10,57 | 10,55 | 10,52 |
| 13 | 10,50 | 10,48 | 10,45 | 10,43 | 10,40 | 10,38 | 10,36 | 10,33 | 10,31 | 10,28 |
| 14 | 10,26 | 10,24 | 10,22 | 10,19 | 10,17 | 10,15 | 10,12 | 10,10 | 10,08 | 10,06 |
| 15 | 10,03 | 10,01 | 9,99 | 9,97 | 9,95 | 9,92 | 9,90 | 9,88 | 9,86 | 9,84 |
| 16 | 9,82 | 9,79 | 9,77 | 9,75 | 9,73 | 9,71 | 9,69 | 9,67 | 9,65 | 9,63 |
| 17 | 9,61 | 9,58 | 9,56 | 9,54 | 9,52 | 9,50 | 9,48 | 9,46 | 9,44 | 9,42 |
| 18 | 9,40 | 9,38 | 8,36 | 9,34 | 9,32 | 9,30 | 9,29 | 9,27 | 9,25 | 9,23 |
| 19 | 9,21 | 9,19 | 9,17 | 9.15 | 9,13 | 9,12 | 9,10 | 9,08 | 9,06 | 9,04 |
| 20 | 9,02 | 9,00 | 8,98 | 8,97 | 8,95 | 8,93 | 8,91 | 8,90 | 8,88 | 8,86 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 21 | 8,84 | 8,82. | 8,81 | 8,79 | 8,77 | 8,75 | 8,74 | 8,72 | 8,70 | 8,68 |
| 22 | 8,67 | 8,65 | 8,63 | 8,62 | 8,60 | 8,58 | 8,56 | 8,55 | 8,53 | 8,52 |
| 23 | 8,50 | 8,48 | 8,46 | 8,45 | 8,43 | 8,42 | 8,40 | 8,38 | 8,37 | 8,35 |
| 24 | 8,33 | 8,32 | 8,30 | 8,29 | 8,27 | 8,25 | 8,24 | 8,22 | 8,21 | 8.18 |
| 25 | 8,18 | 8,16 | 8,14 | 8,13 | 8,11 | 8,10 | 8,08 | 8,07 | 8,06 | 8,04 |
| 26 | 8,02 | 8,01 | 7,99 | 7,98 | 7,96 | 7,95 | 7,93 | 7,92 | 7,90 | 7,89 |
| 27 | 7,87 | 7,86 | 7,84 | 7,83 | 7,81 | 7,80 | 7,78 | 7,77 | 7,75 | 7,74 |
| 28 | 7,72 | 7,71 | 7,69 | 7,68 | 7,66 | 7,65 | 7,64 | 7,62 | 7,61 | 7,59 |
| 29 | 7,58 | 7,56 | 7,55 | 7,54 | 7,52 | 7,51 | 7,49 | 7,48 | 7,47 | 7,45 |
| 30 | 7,44 | 7,42 | 7,41 | 7,40 | 7,38 | 7,37 | 7,35 | 7,34 | 7,32 | 7,31 |

Крандан алынган суудагы эриген кычкылтектин саны:

$$x = \frac{4{,}6 \times 0{,}96 \times 0{,}025 \times 8000}{125 - 16{,}15} = 8{,}12 \text{ мг/л}$$

Крандан алынган сууга 1мл формалин жана 1 мл 10% кумурска кислотасы кошулганда эриген кычкылтектин саны:

$$x = \frac{3{,}5 \times 0{,}96 \times 0{,}025 \times 8000}{125 - 16{,}15} = 6{,}17 \text{ мг/л}$$

Крандан алынган сууга 1мл формалин, 1 мл 10% кумурска кислотасы жана 1 мл 10% кальцийдин кычкылы кошулганда эриген кычкылтектин саны:

$$x = \frac{4{,}1 \times 0{,}96 \times 0{,}025 \times 8000}{125 - 16{,}15} = 7{,}22 \text{ мг/л}$$

Жадыбал 2.1.2 Эриген кычкылтектин саны

| **Суу үлгүсү** | **Эриген кычкылтектин саны, мг/л** |
|---|---|
| Таза суу | 8,12 |
| 1 мл формалин, 1 мл кумурска кислотасы кошулган суу | 6,17 |
| 1 мл формалин, 1 мл кумурска кислотасы, 1 мл кальцийдин кычкылы кошулган суу | 7,22 |




Сүрөт 2.1.9. Эриген кычкылтектин саны

Таза суудагы кычкылтектин саны 8,12 мг/л, ал эми кумурска кислотасын кармаган сууда суутектик көрсөткүч 6,17 мг/л,б.а. бир аз азайды. Бул сууга кальцийдин кычкылын кошууда суутектик көрсөткүч 7,22 мг/л көбөйдү, себеби эритмеде $(HCOO)_2Ca$ пайда болуп эркин HCOOH азайды.

### 2.1.1. Сууда эриген кычкылтектин санын YSI 95 Модели аркылуу аныктоо




Сүрөт 2.1.1.1. YSI 95 аппараты

Жадыбал 2.1.1.1 YSI 95 аппараты менен ченелген эриген кычкылтек

| Суу | **YSI 95 Модели аркылуу алынган жыйынтыктар. Эриген кычкылтек, мг/л** |
|---|---|
| Таза суу | 9,30 |
| 1 мл формалин, 1 мл кумурска кислотасы кошулган суу | 5,13 |
| 1 мл формалин, 1 мл кумурска кислотасы, 1 мл кальцийдин кычкылы кошулган суу | 8,20 |




Сүрөт 2.1.1.2. YSI 95 аппараты менен ченелген эриген кычкылтектин саны

Таза суудагы кычкылтектин саны 9,3 мг/л, ал эми кумурска кислотасын кармаган сууда суутектик көрсөткүч 5,13 мг/л,б.а. бир аз азайды. Бул сууга кальций дин кычкылын кошууда суутектик көрсөткүч 8,2 мг/л көбөйдү, себеби эритмеде (HCOO)2Ca пайда болуп эркин HCOOH азайды. Анализдерде кычкылтектин өлчөмдөрү бир аз айырмаланат, бирок негизги көз карандылыктар окшош.

## 2.2. Химиялык кычкылтеке болгон зарылдыкты формальдегидке карата аныктоо. Перманганаттык кычкылдануу ыкмасы (ХКЗ)

Суу булгануу даражасына жараша күчтүү кычкылдандыргычтар менен кычкылдануучу көп же аз санда органикалык заттарды кармап жүрөт. Бир эле сууну эки башка кычкылданткыч менен кычкылдантканда эки башка натыйжа алынышынын себеби анализденүүчү сууда кармалган ар кандай заттардын болушуна жана алардын концентрациясына, pH көз каранды.

Толук кычкылдануу күкүрт кислотасынын катышуусу менен бихромат менен иштетүүдө алынат. Бул кычкылдануунун негизги жолу. Таштанды жана булганган сууларды анализдөөдө, эгер кычкылдануу 100 мг $O_2$/л барабар же ашык болсо колдонулат. Таза сууларды анализдөөдө бул методду колдонууга болбойт. Ичүүчү суулар жана жер үстүндөгү суулар үчүн, эгер кычкылдануу 100 мг $O_2$/л ашпаса перманганаттык ыкма колдонулат.

Перманаттык кычкылдануу ыкмасы - суу үлгүсүндө 0,01 н калий перманганатынын күкүрт кычкыл чөйрөдө кайнатуу менен заттардын кычкылдануусуна негизделген [17].

Эсептөө

$$x = \frac{(a-b)\cdot 0.01\cdot 8\cdot 1000}{V} = \frac{(a-b)\cdot 80}{V}$$

Бул жерде:

а-титрлөөдө кеткен 0,01н калий перманганатынын эритмеси, мл

b-бош эритмени титрлөөгө кеткен 0,01н калий перманганатынын эритмеси, мл

8-кычкылтектин эквиваленти

V-анализге алынган үлгүнүн көлөмү, мл [17]

1. 100 мл үлгүлөр алынды (Сүрөт 2.2.1.) жана 20 мл 0,01 н калий перманганаты жана 5 мл 1:3 күкүрт кислотасы кошулду (Сүрөт 2.2.2.):



Сүрөт 2.2.1. Суу үлгүлөрү




Сүрөт 2.2.2. Калий перманганаты менен күкүрт кислотасы кошулган эритме

2. Үлгүнү 10 мүнөт кайнатабыз (Сүрөт 2.2.3.) жана 20 мл 0,01 н щавель кислотасы кошобуз (Сүрөт 2.2.4.):



Сүрөт 2.2.3. Кайнатуу процесси




Сүрөт 2.2.4. Щавель кислотасы кошулган эритме

5. 0,01 н калий перманганаты менен күлгүн кызыл түскө чейин титрленди (Сүрөт 2.2.5.):



Сүрөт 2.2.5. Калий перманганаты менен титрлөө

Эсептөө:

Бош эритмени титрлөөдө калий перманганат эритмесинен 3,5 мл короолду.

Крандан алынган сууга 1мл формалин жана 1 мл 10% кумурска кислотасы кошулганда химиялык кычкылтеке болгон зарылдык:

$$x = \frac{(11 - 3,5) \times 0,01 \times 8000}{100} = 6 \text{ мг/л}$$

Крандан алынган сууга 1мл формалин, 1 мл 10% кумурска кислотасы жана 1 мл 10% кальцийдин кычкылы кошулганда химиялык кычкылтеке болгон зарылдык:

$$x = \frac{(8 - 3,5) \times 0,01 \times 8000}{100,3} = 5,2 \text{ мг/л}$$

Жадыбал 2.2.1 Химиялык кычкылтеке болгон зарылдык

| **Суу үлгүсү** | **ХКЗ, мг/л** |
|---|---|
| 1мл формалин жана 1 мл 10% кумурска кислотасы кошулган суу | 6 |
| 1мл формалин, 1 мл 10% кумурска кислотасы жана 1 мл 10% кальцийдин кычкылы кошулган суу | 5,2 |

## 2.3. Биологиялык кычкылтеке болгон зарылдыкты (БКЗ) формальдегидке карата аныктоо

Жалпысынан алганда БКЗ – бул бир литр суудагы органикалык заттардын аэробдук шартта, жарыксыз, 20°C температурада, белгилүү убакыттын ичинде суудагы биохимиялык процесстердин натыйжасында, кычкылдануусуна керек болгон эриген кычкылтектин саны, миллиграмм бирдигинде. БКЗ$_5$ БКЗ$_{толук}$ дин 70% түзөт кабыл алышат, бирок кычкылдануучу затка карата 10 -90% өзгөрүшү мүмкүн. Биологиялык кычкылтеке болгон зарылдыкты өлчөөчү жабдык-OXITOP жабдыгы [18]



Сүрөт 2.3.1. OXITOP жабдыгы

Жадыбал 2.3.1 Биологиялык кычкылтеке болгон зарылдык

| **Суу үлгүсү** | **Биологиялык кычкылтеке болгон зарылдык, мг/л** |
|---|---|
| Крандын суусу | 1,5 |
| 1мл формалин жана 1 мл 10% кумурска кислотасы кошулган суу | 17,0 |
| 1мл формалин, 1 мл 10% кумурска кислотасы жана 1 мл 10% кальцийдин кычкылы кошулган суу | 4,8 |




Сүрөт 2.3.2. Биологиялык кычкылтеке  болгон зарылдык

Биологиялык кычкылтеке  болгон зарылдык алгачкы суюда 1,5 мг/л, сууда кумурска кислотасы болсо 17мг/л, ал эми сууга кальцийдин кычкылы кошулса 4,8 мг/л, б.а. суу органикалык зат менен кирдесе БКЗ көбөйөт, аны азайтууга кальций кычкылын колдонууга болот.

## 2.4. Системаларды изилдөө

Төртүнчү экспериментте суу-формальдегид; суу-кумурска кислотасы; суу-формальдегид-кумурска кислотасы; суу-формальдегид-кычкылтек; суу-кумурска кислотасы-кычкылтек; суу-формальдегид-кумурска кислотасы-кычкылтек системаларын алып, алардын рН-ы жана эриген кычкылтектин саны ченелди. Кычкылтек катышкан системаларда компрессордун жардамы менен эритме кычкылтек менен 15 мүнөт каныктырылды. Андан кийин кычкылтектин саны аппараттын жардамы менен өлчөндү. Экспериментте 10% кумурска кислотасы колдонулду.[7]

Компрессор (Сүрөт 2.4.1.), pH-метр (Сүрөт 2.4.2.) [1]:



Сүрөт 2.4.1. Компрессор




Сүрөт 2.4.2. pH-метр

Жадыбал 2.4.1 Суу-формальдегид системасы

| **Суу-формальдегид системасы<br>$H_2O$-HCOH** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-чи эксперимент | | | | | 2-чи эксперимент | | |
| Суунун көлөмү, мл | Формаль-дегиддин көлөмү, мл | t ° C | pH | $O_2$, мг/л | Суунун көлөмү, мл | Формаль-дегиддин көлөмү, мл | pH |
| 250 | 0,1 | 17,1 | 7,9 | 9,12 | 150 | 0,1 | 9,2 |
| 250 | 0,2 | 17,3 | 7,7 | 9,0 | 150 | 0,2 | 8,6 |
| 250 | 0,3 | 17,3 | 7,7 | 8,9 | 150 | 0,3 | 8,4 |
| Суу | | 17,1 | 7,4 | 10,59 | Суунун pH-8,7<br>Формальдегиддин pH-3,4 | | |

Жадыбал 2.4.2 Суу-кумурска кислота системасы

| **Суу-кумурска кислота системасы<br>$H_2O$-HCOOH** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-чи эксперимент | | | | | 2-чи эксперимент | | |
| Суунун көлөмү, мл | Кумурска кислотасынын көлөмү, мл | t ° C | pH | $O_2$, мг/л | Суунун көлөмү, мл | 10 %-түү кумурска кислота-сынын көлөмү, мл | pH |
| 250 | 0,1 | 20,1 | 6,73 | 10,21 | 150 | 0,1 | 6,7 |
| 250 | 0,2 | 15,4 | 6,24 | 10,11 | 150 | 0,2 | 4,6 |
| 250 | 0,3 | 15,3 | 5,6 | 9,36 | 150 | 0,3 | 4,0 |
| Суу | | 20,6 | 7,4 | 10,59 | 10 %-түү кумурска кислотасынын pH-0,9 | | |

Жадыбал 2.4.3 Суу-формальдегид-кумурска кислотасы системасы

| **Суу-формальдегид-кумурска кислотасы системасы $H_2O$-HCOH-HCOOH** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Суунун көлөмү, мл | Формальдегиддин көлөмү, мл | 10 %-түү кумурска кислотасынын көлөмү, мл | t °C | pH | $O_2$, мг/л |
| 250 | 0,1 | 0,1 | 20,8 | 6,73 | 8,07 |
| 250 | 0,2 | 0,2 | 21,0 | 6,27 | 8,06 |
| 250 | 0,3 | 0,3 | 21,3 | 5,6 | 7,95 |

Жадыбал 2.4.5 Суу-формальдегид-кычкылтек системасы

